УДК 39

Бейшембиева Н.К.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# «МАНАС» ЭПОСУ – УЛУУ ТАРБИЯ КАЗЫНАСЫ

Доорубуздун залкар жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун «Манас» эпосуна карата жазылган эмгектери ичинде мындай бир аныктамасы бар: ««Манас» - өзүбүзгө өзүбүздү далил кылган улуу зат. «Манас» аркылуу биз өзүбүздү өзүбүз бекемдейбиз, ким экенибизди далилдейбиз жана келечекке көз таштайбыз» [2, 7-б.].

Ооба, «Манас» эпосу - кыргыз эли менен көптөгөн кылымдарды аралап, ар бир муундун жашоо-турмушуна аралашып, жакшылык, жаманчылыктын күбөсү болуп, каны-жанына сиңип, жан дүйнөсүн, дилин байытып, кыйын кездерде көңүлүн көтөрүп, улуттун накта жүзү, тили, дили болуп оозеки адабияттын ыйык табериги мүнөзүндө бизге кемибей-төгүлбөй акактай тунук жеткен улуу мурас.

«Эл ичи-өнөр кенчи» дегендей, элден чыккан өнөрлүү манасчылар эпоско улам бир көркөмдүк боёкторду кошуп, маани-маңызын кеңейтип, элдик нарк, салттан четтебей, муундан-муунга улуттун эң ыйык белеги катары өткөрүп берилип келип, бүгүнкү күнү бизге сунулган ыйык дөөлөт болуп алдыбызда турат. Өңгөсүн айтпаганда да, ыйык деп эсептелген бул чыгарма биз үчүн тарбия жаатында кемибес улуу казына жана маани-маңызын, нарк-насилин, асылдыгын жоготпос руханий үлгү болуучу асыл-көркөм дүйнө болуп саналат. Сөзүбүз кур болбош үчүн эки сөздөн турган айкөл Манас деген сөзгө карап көрөлү. Элибиз ай жана көл деген татаал сөздөн турган «айкөл» деген эпитетти Манастын гана керт башына ыйгарышып, жарыктыгын айга, тереңдигин көлгө салыштыруу менен андан жакшы нерселерди көргөн.

Манас изилдөөчү Э.Абдылдаев: «Айкөл» деген сөз Манастан башка эч бир эпикалык персонаждарда колдонулбайт. Бул эпитетти байыртадан традиция боюнча келаткан эпитет катары кароого болот. Анткени байыркы түрк жазма эстеликтердин тексттеринде «көл» деген сөз титулдук эпитет катары энчилүү аттарга компонент болуп туруктуу колдонулгандыгын көрөбүз. «…Айкөл деген сөз «Айдың көл» (Терең көл, чалкар көл) деген сөздүн кыскартылып айтылган формасы болуп, турмушта адамдардын кең пейилдүү, кечиримдүү мүнөздөрүн туюндурууга колдонулуп келген», - дейт. (1, 98-99-б.). Бүгүнкү күндө колдо болгон варианттарда туруктуу кездешүүчү «айкөл» деген эпитет элдик баатыр Манастын эң жакшы касиеттери менен сапаттарына карата туруктуу айтылат. Мына ушул бир эле сөз менен бабабыз Манасты айкөл Манас деп бекеринен аташкан эмес. Айкөлдүк – адамдагы бардык асыл сапаттарды өзүнө камтыган бийик ыймандын, таза абийирдин, эли-жери үчүн жанын аябаган баатырдыктын, акыл токтотуп алды-артын караган баамчылдыктын, жамандыкты жакшылык менен жеңе билген сабырдуулуктун, кечиримдүүлүктүн үлгүсү. Айкөл деген улуу сыпат, жөн эле адамга бериле бербейт. «Эл – тараза, эл - сынчы» дегендей бул улуу сыпатты эл берет…

Эпосто эр жеткен Манас бабабыз өмүрүнүн аягына чейин элине кызмат кылып, чачылган, чабылып–кырылып аз калган, келечектен үмүттөрүн үзүп салган

элин жыйнап, мекенине алып келип, эл болуп өсүп-өнүгүшүнө болгон аракетин жумшайт. Алсызга, бей-бечарага жакшылыгын аябай, калыстыгынан тайбай, өзү катылган душмандардын катыгын берет. Башка жактардан качып-бозуп келгендерди кошуп алып эл кылат. Сен башка элсиң, башка улутсуң деп бөлүп шектенбейт. Манас баатырдын кырк чоросунун көбү башка улуттардын өкүлдөрү, мисалы, Көкчө – казак боордошубуз, Санжыбек – өзбек тууганыбыз, Музбурчак – азербайжан жакыныбыз, булардан бөлөк, азыркы аталган улут элдерден бурят, хакас, чуваш, түркмөн, калмак, уйгур, тажик, каракалпак, тыва (тува), алтайлыктар, монгол ж.б. болгон экен. Эпосто көрсөтүлгөн уруу, элдерге, улуттарга этнографиялык изилдөө жүргүзүлгөндө жогорудагы эл, улут өкүлдөрү чыга келген. Маселен, өз жеринде көрө албастыктын, ичи тардыктын, эрегишип, өчөшүүнүн запкысын тарткан Алманбет баатыр элинен безип, арып-тозуп, кор болуп келе жатып, Манас баатырга жолугат. Манас Алманбетти өз элине алып келет. Ошондо Манастын энеси Чыйырды эмчегин чыгарып Манаска, анан Алманбетке эмизет, эмчеги ийип, кадимкидей сүт чыгат. Демек, Манас Алманбет экөө бир тууган болуп калат. Бул окуяда элдин салты, наркы жана эне сүтү ыйык экендиги көрсөтүлүп, улуту калмак, башка элден келген Алманбетти Манаска бир тууган кылган Чыйырды эненин энелик мээрими чагылдырылган. Ушундан улам, эне сүтү эки элди бириктирип, достоштуруп, ынтымакка чакырып, бир тууган ага-ини болушуна чейин жеткен тарбиялык маанини аңдоого болот. Манас баатырды айкөлдүк бийиктикке жеткизип, кеп-кеңештерин берип, убагында кемчиликтерин көргөзүп, оңдоп, акылына акыл кошкон - агасы акылман Бакай жана өмүрлүк жары Каныкей эне. Эң кыйын учурларда ийри олтуруп, түз кеңешип, кичүүсү улуусунун сөзүн угуп, туура кепке муюп, сынды моюнга алып, ийменүү жана сый-урмат салты өтө бийик турган. Азыркы учурда колдонулуп жүргөн билим-тарбия жаатындагы «толеранттуулук», «компетенттүүлүк» ж.б. терминдер «Манас» эпосунда тээ илгери эле болгон. Манастын айкөлдүгүнө өзгөчө түс, жеңилбес күч, ыйман жана абийирдин аруу таза үлгүсүн берип турган ошол толеранттуулук сапаттар жыйындысы. Мына ушул жагдайлар жана мисалдардан улам «Манас» эпосу кийинки муундарга чети оюлбас тарбия казынасы болуп кызмат кыла берээри талашсыз.

Манас бабабыздын баатырдык, жигиттик сапаттарга ээ болушуна кеменгер устаттары Акбалта, Кошойдун да таасилери чоң болгон. Манас баатыр бул кеменгер кеңешчи-тарбиячыларын өз атасындай сыйлап, сөзүн эки кылган эмес. Бул - улууларга болгон сый-урмат, ызааттык салттык үлгүлөр Манастын өмүрлүк жары Каныкей энебизге, баатыр Кыз Сайкалга, келиндерине жасаган мамилесинде жарк этип көрүнөт. Чыйырды, Каныкей, Айчүрөк, Арууке, Кыз Сайкал энелерибиздин – өз жарына, улуу-кичүүгө, үй-бүлөсүнө, элине кылган адамгерчиликтүү, мээримдүү, көтөрүмдүү жана үлгүлүү жүрүм-туруму менен катар мыкты аялдарга таандык үй-турмушундагы милдетин мыкты аткарган уз, чеберчилиги менен айырмаланган, ушак-айыңдан алыс, ашыкча сөзү жок, көтөрүмдүү, баамчыл, кайрымдуулугу менен азыркы аялзатына чыныгы үлгү болуучу, өрнөк көрсөтүүчү каармандар. Эпосто мекенге, эл-жерине болгон тарбиядан сырткары кыз адеби, турмуш куруугa даярдык насааттары, келин адеби, уул адеби, карыялар адеби, ошону менен катар жаратылышка, анын негизги бөлүктөрү жер-сууга, табият кубулуштарына, жаныбарларга, өсүмдүктөргө болгон аяр мамиле, бей-бечара

алсызга, жетим-жесирге, башка эл, улуттарга сый-урмат боордоштук тарбиясы кенен орун алган. Бүгүнкү күндүн жаштарына ушул багыттарда бирдиктүү, системалуу, максаттуу тарбиялык иш-аракеттердин болушу – эртеңки келечегибиздин шарттарын эч унутпашабыз зарыл. Деги бүгүнкү күнү ушул тарбиялык багыттарда кандай деңгээлдерде тарбиялык иштер жүргүзүлүп жаткандыгына ар кыл өңүттөн саресеп салып көрөлүчү. Мамлекеттик деңгээлдерде ар кандай иш-чаралар иштелип чыгып, сунушталып жатат. Алар мектептерде, жогорку окуу жайларда кандайдыр бир деңгээлде ишке ашып, аткарылып, жаштарга таандык башка мекеме-уюмдарда көрүнүктүү иштер байкалбайт. Бул жерде да баягы кендирди кескен кайдыгерлик, каражаттардын жетишсиздиги, өзүм билемдик кедерги болууда.

Ырас, эгемендүүлүккө жеттик, бул - биздин эң чоң жеңишибиз. Анан демократия салтанатын курду. Ошол демократия шарттарына жамынып, кээде аша чапкандыктар да байкалат. Эпостогу каармандардын аттарын күнүмдүк товарлар болгон тамекиге, спирт ичимдиктерине, көңүл ачуучу жайларга коюп жибериштин кереги бар беле?!

Эмне үчүн эпостогу каармандардын аттарын бала-бакчаларга, билим берүүчү борборлорго, спорттук жайларга, туристтик обьектилерге, мектептерге, парк, курорт-санаторийлерге, маданият үйлөрүнө коюуга болбойт?! Азыр шаарды тим гана коелу, айылдык бала бакчаларга барсак, жасалгалар, сүрөттөрдө эпосубузга таандык эч нерсе көрө албайбыз. Эпосубузга таандык кыргыздын салтын, маданиятын, тарыхын, искусствосун чагылдырган сүрөт-жасалгалар коюлса, жаш балдарга эң сонун таасир болмок. Ал эми мамлекетибиздеги шаарларда, облаcттардын борборлорунда түркүн банерлерге тартылган көрнөк жарнактардан баш адашат. Баам салып карасак, элибиз сыймыктанган, кыргыз рухунун туу чокусу аталган эпоско тиешелүү бир сүрөт таппайсың. Узун, жазы, көчөлөрдүн үстүнө зым менен керилген жарнактарда чет элдик тамекилердин, автоунаалардын, түркүн кийим-кече, буюм-тайымдарынын сүрөттөрү. Ал эми шайлоонун үгүт иштери башталганда өзгөнү кой, цемент, темир мамыларда үгүт кагаздары илингенде бакшынын аса-муса таягынан айырмалары болбой калды. Ошол үгүт иштерине оңбогондой эле өлчөмдөгү акча каражаттары жумшалат. Атаганат, андай эле акчалары кенен болсо, жок дегенде балдар үчүн «Манас» эпосунан алынган эпизоддордон түстүү сүрөттөрү менен китепчелерди чыгарса, канчалык таасирдүү да, пайдалуу да иш болмок. Азыр бала бакчадагы балдардан «Сейтек, Күлчоро, Сыргак» деген адамдар кайсыл жомокто айтылат деп сурасаң беш баланын бирөө туура жооп бериши мүмкүн, ал эми «Аватарды» билесиңби десең бешөө тең жарышып жооп беришет, себеби бүгүнкү күндө «Манас» эпосунан алынган бир да мультипликациялык фильм жок. Ал түгүл бир чакан жомок боюнча тартылган мультипликациялык фильм эмгиче жок экенине жаның кейийт. Айкөлдүк демекчи, бул даража сапат эл башында туруп, эл мүдөөсүн чечкен журт аталарына өзгөчө керек. Себеби журт башында турган жетекчи адамдын башында турган жетекчи адамдын даанышмандыгына иш билги баамчылдыгына, акыл калчаган сабырдуулугуна жараша эл тагдыры чечилип келген. Жакынкы эле учурларда жашап өткөн көл өрөөнүнөн чыккан жети аке: Карга аке, Мойт аке, Тилекмат аке, Садыр аке, Сарт аке, Карач аке, Кыдыр акелерде айкөлдүк даража сапаттар жогору болгон үчүн кыйын учурларда татаал маселелерди чечип, тынчтыкты, ынтымакты

сактап, эл кадырына ээ болуп, аке деген бийик сый-урмат наамга ээ болушкан. Ал эми совет мезгилинде жашап, элине ак кызматын кылып, эл үчүн тобокелге башын сайып, өз элинин өнүп-өсүшүнө, улут болуп калыптанышына, тили, салт-санаасы, маданияты сакталып өркүндөшүнө зор салымын кошкон коомдук ишмерлер К.Тыныстановду, И.Раззаковду, Ж.Абдрахмановду, С.Ибраимовду, заманыбыздын залкар жазуучусу Ч.Айтматовду элдик айкөл инсандар деп атоого толук негиздер бар. Бүгүнкү күндө эл башында турган жетекчилерибиз да жогоруда айтылган бийик сапаттарга ээ болуп, эл мүдөөсүн чечип, элине бейкуттукту, ынтымакты сактап берсе экен деп чоң тилек кылабыз.

Кэчээки эле күндөрдө болуп өткөн улуу Ата Мекендик согушта Мекени, эли-жери үчүн артка кайтпас эр жүрөктүүлүктү, эрдиктин кайталангыс үлгүсүн көрсөткөн аталарыбыз Дүйшөнкул Шопоков, Чолпонбай Түлөбердиев, Исмаил Таранчиев ж.б. жана 2010-жылдын 7-апрелинде болгон элдик ыңкылапта адилетсиздикке, калыстыктан тайган башкарууга каршы чыгып, төшүн окко тосуп, бирок элдин келечеги үчүн артка кайтпай окко учкан бир боорлорубуз - Манас баатырдын накта урпактары. Кудайга шүгүр, уучубуз кур эмес, элдин келечеги, бейкуттугу, намысы, гүлдөп өсүшү үчүн тик туруп бере ала турган жаштарыбыз, кеп-кеңештерин берип, акылын айткан кадырман карыяларыбыз да бар. Быйылкы 2016-жыл президентибиз тарабынан «Тарых жана маданият жылы» деп жарыяланды. Демек, эң алгач жаштарыбызга таасир берүүчү тарбиялык иштер, маданий, илимий иш-чаралар, салтанаттар ж.б. ушул багыттарда жүрөт. Ал эми бул иш-чараларда биз өзүбүзгө керектүү маалыматтарды ала турган эң башкы каражат – улуу «Манас» эпосубуз, себеби ал - элдик маданияттын, тарыхыбыздын өзөгү жана салттуу педагогикалык билимдердин көөнөрбөс булактарын берген тарбиялык улуу казына!

Азыркы учурда биздин жашообуздагы туура багытта өнүгүүгө жол көрсөткөн, тарбиялык иштер, өзгөчө керек болгон улуттук идеялар, улуттук менталитетти бекем тутуучу касиет – санат эрежелери жык толгон ыйык дөөлөт.

Адабияттар:

1. Абдылдаев Э. «Манас» эпосунун эпикалык формулалары. Монография. - Б.: Шам, 1997. - 112 б.

2. Айтматов Ч. Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу. // Кыргызстан маданияты. 1979, № 2. - 7-б.